**ЭАББПКнин Котормо иши (англис тили жана  чыгыш тилдери) бөлүмүнүн 2020-2021 жылындагы окуу планына  ылайык кезектеги практика үчүн уюштурулган  отурум.**

**№1 ПРОТОКОЛ**

**10-сентябрь 2020-ж.** **Ош шаары**

**Катышуучулар:**

1. **Практика жетекчиси:**
   Айткулова Ж. – колледждин практика жетекчиси.
2. **Мүчөлөрү:**
- Ысмаилов С .– бөлүм башчысы;
- Бекназаров С. – окутуучу;
- Тухтаматов А.-окутуучу;
- Усенова Н. – окутуучу;
- Адиева Н. – окутуучу;
- Исанова Э. – окутуучу;
- Мурат уулу Урмат. – окутуучу;
- Ашираали кызы А. – окутуучу;
- Имамидинова Д. – окутуучу;
- Зарип кызы Аида.– окутуучу;
- Эмилбек кызы  Б. – окутуучу;
- Таирова А. – окутуучу;
- Тургунбаева У. – окутуучу;
- Таир кызы Г. – окутуучу;

3. **Катчы:**
- Адиева Н. – окутуучу;

**Күн тартиби:**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | 24 бюллетендин негизинде котормо иши бөлүмүнүн практиканын ички жобосун түзүү жана талкулоо. | Котормо иши  бөлүмүнүн практика жетекчиси |
| 2. | Практика түрлөрү жана графиги боюнча маалымат берүү. | Котормо иши  бөлүмүнүн практика жетекчиси |
| 3. | ОНну тандоо, жумушчу программа түзүү жана практика күндөлүгүн карап чыгуу. | Колледждин практика жетекчиси, окутуучулар. |
| 4. | Келишим түзүү боюнча маалымат берүү. | Колледждин практика жетекчиси, окутуучулар. |
| 5. | Практикалардын комиссия мүчөлөрүн бекитүү. | Колледждин практика жетекчиси, окутуучулар. |

**1-маселе. 24 бюллетендин негизинде котормо иши бөлүмүнүн практиканын ички жобосун түзүү жана талкулоо**.

***Угулду:*** ЭАББПКнин Котормо иши (англис тили жана чыгыш тилдери) ПЦКсынын практика жетекчиси Айткулова Ж. 2020-2021-окуу жылына карата, котормо иши (англис тили жана чыгыш тилдери) адистиги ОшМУнун 24 бюллетенин негизинде практиканын түрлөрү,практика жетекчилеринин милдеттери,практиканын уюштурулушу, жумушчу программанын түзүлүшү, студенттердин милдеттери, практикалык сааттар студенттердин жаштарына карап бөлүнүшү жөнүндө маалымат берди.

***Сөзгө чыкты:***

**1**.“ Котормо иши (чыгыш тилдери)” бөлүмүнун окутуучусу Таирова А.Ш. өз сөзүндө ар бир бөлүмдүн өзүнүн профилине тиешелүү ички жобосу болуш керек. Ошондуктан практиканын ички жобосун ОшМУнун №24 бюллетенине ( практикаларды уюштуруу боюнча жобо )таянып түзүү керектигин айтып өттү.

**2.** “ Котормо иши” бөлүмүнун бөлүм башчысы Ысмаилов С. Бөлүмдүн практикасынын жобосу орто кесиптик билим берүү системасына ылайыкташтырылып тузулушу керектигин белгиледи.

**3**. “ Котормо иши (чыгыш тилдери)” бөлүмүнун окутуучусу Тухтаматов А. жогорудагы кесиптештердин айтып өткөн сунуштарына толугу менен кошулуп, орто кесиптуулукту эске алып, котормо иши адистиги багытындагы студенттерге практика өтөөсундө каттуу талаптарды коюштун кереги жоктугун айтып өттү.

**2-маселе. Практика түрлөрү жана графиги боюнча маалымат берүү.**

***Угулду:*** ЭАББПКнин Котормо иши (англис тили жана чыгыш тилдери) бөлүмүнун практика жетекчиси Айткулова Ж. 2020-2021-окуу жылындагы практиканын түрлөрү менен тааныштырды. Практиканын үч түрү :

1. **Окуу таанышуу практикасы;**
2. **Базалык-кесиптик практикасы;**
3. **Кесиптик-профилдик практикасы.**

Ошондой эле 2020-2021-окуу жылындагы окуу планына ылайык 1-курс (11база) 2-курс жана 3-курс (9база) өтүлүүчү практиканын графиктери жөнүндө маалымат берди.

**1**.Окуу таанышуу практикасы – 15.02–27.02.2021ж.1-курс (11база) -2 курс (9 база)

**2.**Базалык-кесиптик практикасы- 02.11. - 28.11.2020ж. 2-(11база) 3 курс (9 база)

**3.**Кесиптик-профилдик практикасы 12.04 – 08.05.2021ж. 2-(11база) 3 курс (9 база)

***Сөзгө чыкты:***

“ Котормо иши (англис тили)” бөлүмүнун окутуучусу Исанова Э.М. Практикага чыга турган студенттерге алдын ала коопсуздук эрежелерин азыркы болуп жаткан пандемияга байланыштуу көзөмөлгө алышыбыз керек жана ар бир тайпанын практика жетекчилери өздөрүнө бөлүнгөн тайпалары менен онлайн байланышта тыгыз иш алып баруусун сунуштады.

**3-маселе. ОНну тандоо, жумушчу программа түзүү жана практика күндөлүгүн карап чыгуу.**

***Угулду:*** "Котормо иши" (англис тили жана чыгыш тилдери) бөлүмүнүн практика жетекчиси Айткулова Ж 2020-2021-окуу жылы үчүн практикалардын жумушчу программасы, күндөлүктөрдү окутуунун натыйжасына багыттап түзүү жана бекитүү боюнча бөлүмдөгү практика жетекчилерине талкууга койду.

Базалык – кесиптик, окуу – таанышуу жана кесиптик – профилдик практикаларына ОН жана компетенциялар ар бир практика түрүнө багытталып тандалуусун айтып өттү.

***Сөзгө чыкты:***

**1.** "Котормо иши" бөлүмүнун бөлүм башчысы Ысмаилов С. базалык – кесиптик практикасына ОН 6 окутуунун натыйжасы КК5 компетенция туура келерин айтып, башка практика жетекчилери да бул ойго кошулушту.

**2.** " Котормо иши (англис тили)" бөлүмүнун окутуучусу Адиева Н.К. ЖК 1 компетенциясы дагы туура келерин кошумчалады.

**3.**" Котормо иши (чыгыш тилдери)" бөлүмүнун окутуучусу Таирова А.Ш. ОН 4, КК6 жана ЖК10 компетенциялар окуу таанышуу практикага сунуштады.

**4.**" Котормо иши (англис тили)" бөлүмүнун окутуучусу Тургунбаева У. ОН 7, КК1 компетенциясы кесиптик – профилдик практикага сунуштады. Ошондой эле бөлүмдүн окутуучу Мурат уулу Урмат ЖК2 жана ЖК6 компетенциялары да туура келээрин айттып өттү. Бөлүмдөн окутуучулары жогорудагы айтылган сунуштарга макул болоорун белгилешти.

Ал эми бөлүмдөн практика жетекчиси Айткулова Ж. практика күндөлүгүн өзгөртүү боюнча ой пикир айтууну айтты. Өзгөртүү киргизүүнүн кереги бар же мурунку түзгөн күндөлүк жакшы экендигин окутуучулардын оюн сурады.

***Сөзгө чыкты:***

Окутуучу Бекназаров С базалык – кесиптик практикасына жана кесиптик-профилдик практикасына күндөлүгүн өзгөртүү киргизиштин кереги жок экендигин белгиледи, бирок окуу-таанышуу практикасынын күндөлүгүн жеңилдетүүнү айтып кетти.

**4-маселе Келишим түзүү боюнча маалымат берүү.**

"Котормо иши" бөлүмүнүн практика жетекчиси Айткулова Ж 2020-2021-окуу жылына карата жаңы мекемелер менен келишим түзүп, студенттерди келишим түзүлгөн мекемелерге гана жөнөтүлүшү жана келишим жок мекемелерге багыттама берилишин айтты. Котормо иши адистигинин студенттерине мектептерге уруксат жок, бирок пандемияга байланыштуу кесиптик-базалык практикасына мектептерге уруксат берилгендигин белгилеп айтты.

***Сөзгө чыкты:***

**1.**" Котормо иши (чыгыш тилдери)" бөлүмүнүн окутуучусу Зарип кызы Аида. Мектептерге чыгышса башталгыч класстардын гана окуучуларына сабак өтүү менен өзүнүн үйрөнүп жаткан чет тилинде сөздөрдү жана кыскача текстерди которуу менен практикаларын өтөөсүн сунуштады.

**5-маселе. Практикалардын комиссия мүчөлөрүн бекитүү.**

***Угулду:*** "Котормо иши" бөлүмүнүн практика жетекчиси Айткулова Ж. 2020-2021-окуу жылына карата практикалардын комиссия мүчөлөрүн төмөндөгүдөй тартипте бекитууну сунуш кылды:

-бөлүмдүн башчысы;

-бөлүмдүн практика жетекчиси;
-бөлүмдөн бекитилген практика жетексичи;
***Сөзгө чыкты:***
“ Котормо иши” бөлүмүнун бөлүм башчысы Ысмаилов С. Жогоруда айтылган сунушту колдоорун айтып өттү.

**Эл аралык билим берүү программалары коллежинин «Котормо иши (англис тили жана чыгыш тилдери)» бөлүмүнүн окутуучуларынын**
**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

**1.** 2020-2021-окуу жылында 24 бюллетендин негизинде “ Котормо иши” бөлүмүнүн практикасынын ички жобосу түзүлсүн жана бекитилсин.
**2.** Практика түрлөрү жана графиги боюнча маалымат эске алынсын. Практикалардын жүрүүсүндө техникалык коопсуздукту (инструктаж) көзөмөлдөө “ Котормо иши” бөлүмүнүн практика жетекчилерге милдеттендирилсин.
**3.** Практиканын түрүнө жараша котормо иши адистиги үчүн тиешелүү практикалардын жумушчу программасын окутуунун натыйжасына багыттап түзүлүүсү жана бекитилүүсү бөлүм башчысына жана практика жетекчилерине милдеттендирилсин.
**4.** Мекемелер менен келишим түзүү “ Котормо иши” бөлүмүнүн практика жетекчиси Ж. Айткуловага жана 2020-2021-окуу жылы үчүн кесиптик-базалык практикасын онлайн форматта ZOOM жана WHATSAPP тиркемелери аркылуу иш алып баруу практика жетекчилерине милдеттендирилсин.
**5.**Практика комиссия мучолору бекитилсин.

**Катчы:** Adieva **Адиева Н.К.**